| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА |
|---|---|---|

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын V сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 15-августу №71** **Төрт-Күл айылы**

**Мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акысын бекитүү жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын 11.06.2025-жылдагы №01-6/142 катынын негизинде Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адис Ибраев Акылбек Мурзаевичтин маалыматын угуп, талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын 11.06.2025-жылдагы №01-6/142 катынын негизинде Мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акысын төмөндөгүдөй тариф менен бекитилсин.

А) сугарылган жерлер 236х30=7080 сом;
Б) сугарууга кыйын жерлер 236х20=4720 сом;
В) сугаруунун жоктугу 236х10=2360 сом;
Г) кайрак айдоо жерлер 39,2х30=1176 сом;
Д) көп жылдык алма бактар 119х30=3570 сом;
Е) чөп чабындылар 20,4х30=612 сом

2.Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Г.Садыровага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**